# ШАШЫЛЫШ ЧАРА

## ШИНЖАҢДА ДАЙЫНСЫЗ ЖОГОЛГОНДОР ЖАНА МЫЙЗАМСЫЗ КАРМАЛГАНДАР

**Көпчүлүгү мусулман этникалык азчылык топтордогу 48 адамдын Кытайдын Шинжаң-Уйгур автономиялык аймагындагы түзөтүүчү лагерлерде кармалып же акыйкат сот чечими жок эле түрмөлөргө жөнөтүлгөнү айтылууда. Алар "Шинжаң туткундарын бошотуу" өнөктүгүнө киргизилип, учурда тизмедеги кармалгандардын саны 120 адамга жетти. Бул кейстер 2017-жылдан бери аймакта кармалган болжолдуу 1 миллион же андан көп эркектер менен аялдардын тагдырын чагылдырат. Кытай өкмөтү атайын максаттуу түрдө Шинжаңда негизинен уйгурларды, казактарды жана башка басымдуу бөлүгү мусулман этникалык азчылыктарды бутага алып, аларды массалык түрдө камакка алуу менен кыйноо көрсөтүп жана башка катаал мамилелерди жасап келет. Кытай бийликтери Шинжаңдагы түзөтүүчү лагерлердеги жана өзүм билемдик менен мыйзамсыз кармалган бардык адамдарды дароо бошотууга тийиш.**

**ЧАРА КӨРҮҮ: ӨЗ СӨЗҮҢҮЗ МЕНЕН КАЙРЫЛУУ ЖАЗЫҢЫЗ ЖЕ БУЛ КАТТЫН ҮЛГҮСҮН КОЛДОНУҢУЗ**

***Кытай Эл Республикасынын Президенти***
*Xi Jinping*
*Zhongnanhai*
*Xichangan'jie Xichengqu*
*Beijing Shi 100017*
*People's Republic of China*
*Факс: +86 10 6238 1025*
*э-дарек: english@mail.gov.cn*
*Кытайча:* 北京市西城区西长安街街道 100017

*Урматтуу Президент Си Цзиньпин:*

*Көпчүлүгү мусулман этникалык азчылык топтордогу 120 адамдын түзөтүүчү лагерлерде камалып же акыйкат сот жок эле Шинжаңдын түрмөлөрүндө жатканын угуп абдан жаман абалда болуп турам. Бул кейстер 2017-жылдан бери Шинжаңда Кытай өкмөтү тарабанынан камакка алынган болжолдуу саны 1 миллион же андан көп эркектер менен аялдардын тагдырын чагылдырат.*

*Эл аралык Мунапыс Уюму "Биз согушта душман болгондойбуз" баяндамасында чогулткан далилдердин негизинде Кытай өкмөтү эң аз дегенде Шинжаңда камоо, кыйноо жана куугунтуктоо сыяктуу адамзатка каршы кылмыштарды жасап келет. Жашоо, саякаттоо, чет өлкөдө окуу, чет өлкөдө адамдар менен баарлашуу, куран окуу же диний кийимдерди кийүү сыяктуу көбүбүз кадимкидей кабыл алган мыйзамдуу иш-аракеттер адамдарды камоо, түзөтүүчү лагерлерге же түрмөлөргө жөнөтүү үчүн негиз катары колдонулуп жатат. Камактагылар тынымсыз идеологиялык мажбурлоолорго, физикалык жана психологиялык кыйноолорго жана башка ырайымсыз мамилелерге дуушар болушууда.*

*Чет өлкөдө жашаган үй-бүлө мүчөлөрү көп жылдардан бери кабар ала элек жакындары менен байланышууга аргасыздан үмүт артып келишет. Алардын тынчсызданууларын кошумчалай турган нерсе, камактагылар өз каалоосу боюнча адвокат ала албагандыктан, кыйноого же катаал мамилелерге кабылуу коркунучу жогору.*

***Ошондуктан, мен сизди төмөнкүлөргө көңүл бурууга чакырам:***

- ***Шинжаңдын түзөтүүчү лагерлеринде жана түрмөлөрүндө камалган бардык адамдар, эгерде алар эл аралык деңгээлде таанылган кылмыш жасагандыгы тууралуу жетиштүү, ишенимдүү жана жол берилүүчү далилдер болбосо дароо бошотулсун.***
- ***Эркиндикке чыкканга чейин алардын турган жери ачыкталсын, үй-бүлөсүнө жана өзү тандаган адвокатына жолугууга мүмкүнчүлүк таанылсын жана кыйноого же башка катаал мамилелерге дуушар болбошуна кепилдик берилсин.***

*Урматтоо менен*

# КОШУМЧА МААЛЫМАТ

Шинжаң Кытайдагы эң көп этникалык жактан ар түрдүү аймактардын бири. Региондун 22 миллион калкынын жарымынан көбү негизинен түрк тилдүү жана мусулман этникалык топторуна киргендер, анын ичинде уйгурлар - 11,3 миллионго жакын, казактар 1,6 миллионго жакын жана калганы тилдери, маданияттары, жашоо образы Кытайдын "ички"бөлүгүн түзгөн Хань элдеринен кескин айырмаланган башка калктар.

2017-жылдан бери Кытай өкмөтү "терроризмге" жана "диний экстремизмге" каршы өнөктүккө жамынып, Шинжаңда жашаган мусулмандарга карата массалык жана системалуу кыянатчылыктарды жасап келет. 2017-жылдан бери Шинжаңда болжол менен бир миллиондон ашык адам мыйзамсыз түрдө өзүм билемдик менен түзөтүүчү лагерлерде кармалган.

"Биз согушта душман болгондойбуз: Кытайдын Шинжаңдагы мусулмандарды массалык түрдө камоо, кыйноо жана куугунтуктоосу" – бул Шинжаңда уйгурлар, казактар жана башка басымдуу бөлүгү мусулман этникалык азчылыктар дуушар болгон ырайымсыз репрессиялардын бүгүнкү күнгө чейинки эң кеңири баяны болуп саналат. Эл аралык мунапыс уюму (AI) чогулткан далилдер Кытай өкмөтү эң аз дегенде түрмөгө камоо, кыйноо жана куугунтуктоо сыяктуу адамзатка каршы кылмыштарды жасаган деген тыянак чыгарууга реалдуу негиз түзөт.

Кытай бийликтери 2018-жылдын октябрына чейин лагерлердин бар экенин четке кагып, андан соң аларды ыктыярдуу, бекер "кесиптик окутуу" борборлору деп атай баштаган. Бирок Кытайдын түшүндүрмөсү мурдагы камактагылардан түшкөн ур-токмокко алуу, тамак-аштан ажыратуу жана жалгыз камерага камоо тууралуу көптөгөн билдирүүлөрдү эске алган эмес.

2019-жылы Кытай өкмөтү лагерлерди жапканын айткан, бирок эч кандай далилдерди келтирген эмес жана журналисттерге, адам укуктары боюнча тергөөчүлөргө, дипломаттарга тоскоолдуксуз кирүү мүмкүнчүлүгүн берген жок. Анын ордуна Кытай өкмөтү ар кайсы өлкөлөрдөн келген делегацияларды Шинжаңга кылдат пландаштырылган жана көзөмөлдөнгөн турларга чакырып, сынды басууга аракет кылып келет. Мунун соңку мисалы – БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын 2022-жылдын май айында Кытайга болгон иш сапары.

Туугандары негизсиз камалып жаткан адамдардын бири Мунапыс уюмуна: "Алар [Кытай бийлиги] бактылуу уйгурду, бийлеген уйгурду көрсөткүсү келет. Менимче, [БУУнун] тергөө тобу чыныгы окуяны ... чыныгы кырдаалды иликтөө үчүн колдон келгендин баарын кылышы керек",- деп айтты.

Эл аралык мунапыс уюму (AI) "Шинжаң туткундарын бошотуу" өнөктүгүн баштап, төрт айга жетпеген убакыттын ичинде түзөтүүчү лагерлерди жабууну жана Шинжаңдын лагерлеринде жана түрмөлөрүндө мыйзамсыз өзүм билемдик менен кармалгандардын баарын бошотууну талап кылган петицияга 320 000ден ашык кол топтоду.

Кытай өкмөтү бардык калган түзөтүүчү лагерлерин тезинен жабууга жана бул лагерлердеги же башка камак жайларында, анын ичинде Шинжаңдын түрмөлөрүндө камактагы бардык адамдарды, эгерде аларга карата эл аралык таанылган кылмыш жасагандыгы жөнүндө жетиштүү, ишенимдүү жана жол берилүүчү далилдер болбосо, дароо бошотууга тийиш.

Эл аралык мунапыс уюму (AI) ошондой эле БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарын 2022-жылдын августунда кызмат мөөнөтү аяктаганга чейин Шинжаң боюнча көптөн күткөн баяндамасын жарыялоого жана коомчулук алдында Шинжаңдагы адам укуктарынын бузулушунун масштабын жана катаалдыгын таанууга чакырат.

Ошондой эле, Адам укуктары боюнча кеңеш, Шинжанда эл аралык укук боюнча кылмыштарды иликтөө үчүн көз карандысыз эл аралык механизмди түзүшү керек. Бул жоопкерчиликти камсыз кылууну, анын ичинде күнөөлүүлөрдү аныктоону камтууга тийиш.

**КАЙРЫЛУУ ҮЧҮН ТАНДАЛГАН ТИЛ: кытай, англис.**
Сиз өз тилиңизде да жазсаңыз болот.

**ТЕЗ АРАДА БЕЛГИЛЕНГЕН МӨӨНӨТКӨ ЧЕЙИН ЧАРА КӨРҮҢҮЗДҮ СУРАНАБЫЗ: 2022-жылдын 23-сентябрына чейин.**
Эгер белгиленген мөөнөттөн кийин кайрылуу жибергиңиз келсе, өлкөңүздөгү Мунапыс (Amnesty International) уюмунун кеңсесине кайрылыңыз.

**ТОЛУК АТЫ-ЖӨНҮ ЖАНА ТАНДАЛМА КАЙРЫЛУУ: [Группа/Топ]** (алар)

**МУРДАГЫ ШАШЫЛЫШ ЧАРАГА ШИЛТЕМЕ:**
https://www.amnesty.org/en/documents/ASA17/4243/2021/en/